«Бекитемин»

Ош технологиялык университетинин
гуманитардык - технологиялык колледжинин
директору __________ Саадалов Т.
«11» март 2022-ж

**Илимий-изилдөөлөрдү, илимий-техникалык иштерди, (же) илимий жана(же) илимий техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

1. Ишке ашыруучунун автору: Бакманова Айгүл Ибраимовна

2. Илимий жана (же) илимий-техникалык иштин натыйжаларынын изилдөөлөрүнүн, илимий-техникалык иштердин аталышы:

**«АТАЙЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ «МАТЕМАТИКА КУРСУН» ОКУТУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ»**

**Илимий иштин кыскача аннотациясы:**

Билим берүүнүн мазмунун жаңыртуу менен бүтүрүүчүлөрдүн кесипкөйлүгүнүн жогорку деңгээлине жетишүүгө болот. Ошондуктан студенттерге окуунун биринчи жылынын ичинде эле, ар бир предметти үйрөнүлгөн окуу материалынын келечектеги адиси менен байланышын, ишмердүүлүгүн же коомдун өнүгүүсүн, келечегин көрсөтүү жетиштүү. Мындай жаңылоо окуу проблемасынын үч негизги аспектисин байланыштырышы керек: биринчиси, анын максаттарына ылайык окуунун мазмунун калыптандыруу, экинчиси, математика курсун окутууда мотивацияны жогорулатуу, үчүнчүсү, окуу куралдарын жана аларды колдонуунун методдорун иштеп чыгуу. Математиканы окутуу келечектеги адистерди даярдоодо абдан маанилүү роль ойнойт. Математиканын форма жана сан илими катары мааниси көптөгөн теориялык жана практикалык колдонуунун эффективдүүлүгүндө гана эмес, ошондой эле илимий билимдерди алуу үчүн изилдөө ыкмаларынын универсалдуулугунда. Биздин цивилизациянын ажырагыс бөлүгү болгондуктан, ал ар кандай колдонмо маселелерди чечүүнүн куралы гана эмес, акыл-эс ишмердүүлүгүн таанып-билүүнүн жана активдештирүүнүн каражаты болуп саналат.

Бирок, келечектеги адистер илимди изилдөөнүн жана колдонуунун түшүнүктөрүн, ыкмаларын түшүнбөй туруп, сапаттуу математикалык билим

Сканировано с CamScanner

берүү мүмкүн эмес. Ошондуктан математика курсунун кесиптик-педагогикалык багытын калыптандырууда келечектеги адистердин билим берүүнүн баалуулуктарын жана максаттарын, ишмердүүлүк жолдорун изилдеп чыгып натыйжасы болушу керек экендигин түшүнүшү керек. Модернизациялоо үчүн бул предметке карата окутуунун кесиптик багыттарын теориялык жактан түшүнүшү зарыл.

**Ишке ашыруунун эффектиси**:

**1.**Кесиптик орто окуу жайларынын студенттеринин математика курсун кесипке багыттап окутуу .

**2.** Студенттердин математика курсун кесипке багыттап окутуунун принциптерин, максаттары,методикасы аныкталды.

**3.** Технологиялык колледжде математика курсун кесипке багыттап окутууну ишке ашыруунун жолдору иштелип чыкты.

**4.** Предметтик компетенцияларды калыптандыруу деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрү иштелип чыкты.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы**: Ош технологиялык университетинин технологиялык колледжи. 2016-2021- окуу жылдары.

**6. Ишке ашыруунун формасы**: Студенттердин математика курсун кесипке багыттап окутуунун методдорун өнүктүрүү боюнча окуу-эксперименттик иштин модели иштелип, окуу программаларынын, сабактардын темаларын тандоо,окуу планына ылайык окутуунун уюштурууну пландоо ж.б аткарылды. Ошондой эле кесипке багыттап окутууну изилдөө максатында студенттер тестирлөөдөн жана анкетирлөөдөн өткөрүлдү.

Студенттердин предметтик компетенциясын калыптандыруу жана кесипке багыттап окутуу технологиясы түзүлдү. Түзүлгөн модел боюнча окутуунун технологиясын ишке ашыруунун жолдору жана предметтик деңгээлдери аныкталды.

**Ош технологиялык университетинин гуманитардык - технологиялык колледжинин директору:** **Саадалов Т.**

ф.и.к. Т. Саадаловдун
колун тастыктайм.
Кадр башкармасы

КАДРДАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Сканировано с CamScanner